КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ЛИПЕНКА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
ЛИПЕСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

**Липенка айыл аймагынын айылдык Кеңешинин XXIII-чакырылышынын кезексиз 2- сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

2023-жылдын 20-февраль № 10 Липенка айылы

Липенка айыл аймагындагы «Липенка-2» суу пайдалануучулар ассоциасынын ирригациялык, дренаждык тутумдарын жана суу чарба курулмаларын муниципалдык менчике алууга макулдук берүү жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларынын 2021-жылдын 10-декабры Суу Кодексинин №151 Мыйзамынын 16-беренесине ылайык, Липенка айыл аймагында «Липенка -2» СПАсынын Кеңешинин №1 протоколунун негизинде Липенка айылдык Кеңеши «Липенка -2» СПАсынын ички чарбалык ирригациялык, дренаждык тутумдарын жана суу курулмаларын Липенка айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчике алуу боюнча карап, таанышып Липенка айылдык кенеши **токтом кылат.**

1. Айыл аймактагы ички чарбалык ирригациялык, дренаждык тутумдарын жана суу чарба курулмаларын муниципалдык менчике алууга макулдук берилсин.

2. Ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчиктин обьектиси катары реестрга киргизилсин.

3. Сугат сууну берүү боюнча маселелерди жергиликтүү маанидеги маселелер катары чечүү чыгымдарды жергиликтүү бюджеттен каржылансын, ал эми ирригациялык кызмат кызмат көрсөтүүлөр үчүн акынын наркы субсидий катары берилсин.

4. Ирригацияны өнүктүрүү боюнча Липенка айыл аймагынын программасы иштелип чыксын.

5. Токтом юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл чарба боюнча туруктуу комиссияга жана айыл өкмөт башчысы У.Акуновго милдеттендирилсин.

Төрага: М.Тентиев